«БЕКИТЕМ»
«Кыргызстан эл аралык университети»
Коммерциялык эмес билим берүү
мекемесинин Окуу-илимдер
өндүрүштүк комплексинин
ректору, техника илимдеринин
доктору, профессор Е. Ю. Савченкого

______________________________

«10» июня 2024-ж.

**Кыргызстан эл аралык университетинин «Социалдык иш жана социалдык-гуманитардык илимдер» кафедрасынын кеңейтилген жыйынынын**

**№10 – Протоколунан көчүрмө**

«06» июнь 2024-жыл

**Төрайым:** «Социалдык иш жана социалдык-гуманитардык илимдер» кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу Э.Ж. Жоомартова
**Катчы:** М.Р. Жаналиева

**КАТЫШКАНДАР:** с.и.д., профессор Мадалиев М.М. (адистиктин шифры: 23.00.02), с.и.д., профессордун м.а. Борбодоев Ж.М. (адистиктин шифры: 23.00.02), соц.и.к., доценттин м.а. Молдокеева Ж.Ф., соц.и.к., доценттин м.а. Мамырканов М.А., соц.и.к., доценттин м.а. Усубалиева А.А., философ.и.к., доцент Арапова Э.Б., т.и.к., доцент Акеров Т.А., соц.и.к., доцент Жоомартова Э.Ж., философ.и.к., доценттин м.а. Ибраев К.Ш., с.и.к., доцент Наматбекова Н.М. (адистиктин шифры: 23.00.02), улук окутуучу Токобаев Д.Э., улук окутуучу Фрунзеева Ж.Н., окутуучу Абишова Б.Т., окутуучу Турдукулова А.А.
**ЧАКЫРЫЛГАНДАР:** с.и.д., КРПМБАнын профессору Торогельдиева Б.М.-илимий жетекчиси (адистиктин шифры: 23.00.02).

**КҮН ТАРТИБИ:**

1. 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн Джумалиева Чолпон Асылбековнанын «Кыргыз Республикасында



Дипломатическая академия МИД КР
имени К.Дикамбаева
Диссертационный совет Д 07.22.659
Входящий № 25/2
Подпись ___ « 18 » 06 2024

маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясаты» темасындагы кандидаттык диссертациялык ишин талкуулоо.

Илимий жетекчи: Торогельдиева Бактыкан Макишевна, саясий илимдеринин доктору, доцент, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Ж. Абдрахманов атындагы мамлекеттик Башкаруу академиясынын «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» кафедрасынын профессору

**Сөз берилди**: жыйындын төрайымы, соц.и.к., доцент Жоомартова Э.Ж.

Диссертант Джумалиева Чолпон Асылбековна Ж.Абдрахманов атындагы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик башкаруу академиясында (мындан ары КР ПМБА) аспирантура бөлүмүн аяктаган. Кандидатык диссертациянын темасы КР ПМБАнын Илимий Кеңешинде 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча 2013-жылдын 7-декабрында №4-протокол менен бекителген, илимий жетекчиси саясий илимдин доктору, доцент  Торогельдиева Бактыкан Макишевна.

Диссертациянын кол жазмасы жана электрондук варианты кафедрада илимдин докторлору, кандидатары жана окутуучулар тарабынан окулуп чыкты. Илимий иш тууралуу презентация жасоо үчүн сөз диссертант Чолпон Асылбековна Джумалиевага берилет.

**Угушту:**

**Илим изденүүчү Ч.А. Джумалиеванын доклады**

Урматтуу «Социалдык иш жана социалдык-гуманитардык илимдер» кафедрасынын  бүгүнкү жыйынын катышуучулары ишим менен таанышканыңыздар үчүн жана бүгүнкү биргелешкен жыйында аны талкуулоого мүмкүнчүлүк бергениңиздер үчүн ыраазычылык билдирем. Менин ишимдин негизги изилдеген аспектерин айтып берейин.

**Теманын актуалдуулугу.** Бул коркунучтар тышкы саясаттын белгилүү субъекттеринин маалымат мейкиндигинде үстөмдүк кылууга умтулуусу жана инсандарга, социалдык топторго, саясий бирикмелерге, уюмдарга жана бүтүндөй коомго маалыматтык таасир көрсөтүү аркылуу ишке ашырылат.

Алар ошондой эле коомдун салттуу баалуулуктарын жок кылууга, жеке иденттүүлүккө жана саясий системаны туруксуздаштырууга, эгемендүүлүккө шек келтирүүгө жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн бузууга багытталган акыркы маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу ишке ашырылат.

Белгилүү афоризмди эстесек: «Ким маалыматка ээ болсо, ал дүйнөгө ээлик кылат»  деп айтылган, ал эми азыр : «Ким маалымат чыгарса, ошол дүйнөнү башкарат» деген  пикир туура болууда.

Бул коркунучтар тышкы саясаттын белгилүү субъекттеринин маалымат мейкиндигинде үстөмдүк кылууга умтулуусу жана инсандарга, социалдык топторго, саясий бирикмелерге, уюмдарга жана бүтүндөй коомго маалыматтык таасир көрсөтүү аркылуу ишке ашырылат. Алар ошондой эле коомдун салттуу баалуулуктарын жок кылууга, жеке иденттүүлүккө жана саясий системаны туруксуздаштырууга, эгемендүүлүккө шек келтирүүгө жана мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн бузууга багытталган акыркы маалыматтык технологияларды колдонуу аркылуу ишке ашырылат.

Саясий система 30 жылдан бери калыптануу жана трансформациялоо процессинде турган Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугунун абалы изилдөөдө өзгөчө кызыгуу жаратат.

Кыргызстан эл аралык коомчулукка кошулуу менен ага ийгиликтүү ыңгайлашты десек болот. Кыргыз Республикасы жайгашкан аймак туруксуздуктун мезгилдүү толкундары менен мүнөздөлөт. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук концепциясында белгиленгендей, улуттук кызыкчылыктар бул Концепциянын негизи болуп саналат.

Республиканын маалымат мейкиндиги, калктын маалымат алуу каражаттары улам-улам жаңыланып, өнүгүп, элдин ар-түрдүү маалыматка болгон муктаждыгы күндөн-күнгө өсүүдө. Мындай шарттын жаралышына интернет тармагынын тийгизген таасири чоң. Кыргызстандын маалымат мейкиндигинде алгачкы ирээт Интернет сайттар, электрондук басылмалар жана социалдык тармактар 2005-жылдан тарта маалымат булак катары ишмердүүлүк жүргүзө баштаса, 2024-жылдын башында Кыргызстанда интернеттин жайылуусу 79,8 пайызды түзөт.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси** - ааламдашуу доорундагы маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын өнүгүшүү менен байланышкан жаңы чакырыктардын жана коркунучтардын контекстинде мамлекеттердин маалыматтык коопсуздугу.

**Диссертациялык изилдөөнүн предмети** - Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылууда массалык маалымат каражаттары тарабынан мамлекеттик саясатты ишке ашыруусу.

**Изилдөөнүн максаты** - эгемендүү Кыргызстандын, коомдун жана жеке жарандардын маалымат коопсуздугун камсыздоодо маалымат мейкиндигинде болгон коркунучтардан сактоо максатында мамлекеттик маалымат саясатын, маалымдоо каражаттарынын ролун иликтөө, келечектеги өлкөнүн маалымат коопсуздугун камсыздоо ыкмаларын жана механизмдерин талдоо. Бул максатка жетишүү үчүн алдыга төмөнкү милдеттер коюлган:

- Маалымат коомун изилдөөчүлөрдүн илимий көз караштарын талдоо.
- Маалымат коопсуздугу, мамлекеттин маалымат саясатынын түшүнүгүн талдоо.
- Изилдөөнүн методологиясын жана ыкмаларын изилдөө.
- Маалыматтык-коммуникациялык технологиялар өнүккөн доордо Кыргыз Республикасынын маалымат коопсуздугун камсыздоо жаатындагы ченемдик-укуктук базасын талдоо.
- Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугун сактоо багытындагы мамлекеттик саясатын ишке ашыруу ишмердигин анализдөө.
- КР Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын жана анын республиканын саясий турмушундагы ролун иликтөө.
- Кыргызстандын маалыматтык коомунун өнүгүшүнө заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын таасирин иликтөө.
- Кыргыз Республикасынын маалыматтык суверенитетин камсыздоо жана улуттук контентти өнүктүрүү иш – аракеттерин иликтөө.

- Маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун саясий механизмдерин аныктоо менен келечекте мамлекеттин маалымат саясатын ишке ашыруунун багыттарын изилдөө.

**Диссертациянын темасынын артыкчылыктуу илимий багыттар, негизги илимий программалар (долбоорлор), окуу жана илимий мекемелер тарабынан аткарылуучу негизги изилдөө иштери менен байланышы**. Бул диссертациялык иш изилдөөчүнүн демилгесинин негизде жүргүзүлгөн. Ошондуктан, аталган теманын актуалдуулугу түздөн-түз Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугу менен байланыштуу, анткени мамлекеттин коопсуздугунун маанилүү маселесине арналган. Кыргызстандагы улуттук коопсуздук маселелерине арналган илимий эмгектерде маалымат коопсуздугу жана мамлекеттин маалымат саясатына арналган диссертациялык иштер саналуу. Ошондуктан бул диссертациялык эмгекте аталган маселе алгачкылардын бири болуп козголгон. Акыркы жылдары ата мекендик илимий изилдөөчүлөр маалымат коопсуздугу темасын теориялык-методологиялык жана ченемдик-укуктук багыттан карап, изилдешүүдө. Изилдөөнүн темасынын мамлекеттик органдардын, мекемелердин өткөрүлгөн иш-чаралары жана илимий-изилдөө иштери менен байланышы бар.

**Диссертациянын илимий жаңылыгы** автордун бул багыттардагы илимий изилдөөлөрү жана жетишкендиктери менен негизделет. Алар төмөнкү багыттар боюнча жүргүзүлгөн:

- Автордун аныктамасына ылайык маалыматтык коом түшүнүгү постиндустриалдык, технологиялык доордун, цивилизациянын өнүгүүсүнүн жаңы тарыхый фазасы катары каралат жана мындагы өндүрүштүн негизги товары болуп маалымат жана билим эсептелинет. Маалыматтык коом жарандарга, коомго оң жана терс таасир берет деп белгилеген.
- Автор тарабынан маалыматтык коопсуздук жана маалыматтык саясат түшүнүгүнө карата илимий эмгектерди жана концептуалдык көз караштарды анализдөөдө төмөнкү аныктамалар берилген: Маалыматтык коопсуздук бул глобалдык маалымат мейкиндигин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү, өлкө үчүн реалдуу жана мүмкүн болгон коркунучтарды жок кылуу шарттарын жана каражаттарын камтый тургандыгы аныкталган. Мамлекеттин маалымат саясаты бул өлкөнүн коопсуздугун камсыздоонун негизги бөлүгү катары өлкөнүн кызыкчылыгын коргоп, калкка объективдүү маалымат жеткирүүгө шарт түзүү менен дүйнө коомчулугуна өлкөнүн оң имиджин түзүүгө багытталат.
- Автор тарабынан мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун изилдөөдө дисциплиналар аралык ыкмаларды колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталган.
- Автор жарандардын, коомдун жана мамлекеттин эгемендигин маалыматтык терс таасир берүүлөрдөн коргоонун негизи өлкөнүн укуктук-нормативдик актылары экендигине көңүл бурат.
- Биринчи жолу мамлекеттин маалыматтык саясатын ишке ашыруу үчүн жооптуу болгон Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана

жаштар саясаты министрлигинин ишмердүүлүгүнө системалуу талдоо жүргүзүлдү. Бул министрликтин ишмердүүлүгүндөгү иретсиздик жана ар тараптуулук (маданият, спорт, жаштар саясаты, туризм, миграция) республиканын маалыматтык саясаттынын натыйжалуулугуна, иштин жыйынтыгына терс таасирин тийгизген.
- Улуттук телерадиокорпорациянын мисалында автор тарабынан биринчи жолу маалыматтык ресурстардын мүмкүнчүлүктөрү менен байланышкан жана ар кандай акторлордун ортосундагы саясий атаандаштыкка катышкан республикадагы массалык маалымат каражаттарынын ыраатсыз ишмердүүлүгү көрсөтүлгөн.
- Биринчи жолу республикада маалыматтык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү IT-технологиялардын өнүгүү процессинде жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (массалык маалымат каражаттары, Интернет) кеңири таралышында көрсөтүлгөн.
- Биринчи жолу өлкөнүн расмий, ички жана тышкы саясаты тууралуу калкты ишенимдүү маалымат менен камсыз кылууда, элдин бүтүндүгүн жана биримдигин сактоодо, эне тилди жана улуттук баалуулуктарды өнүктүрүүдө негизги актор катары мамлекеттик кызматтын жана мамлекеттик маалымат каражаттарынын жоопкерчилигин кароо сунушталды.
- Автор тарабынан биринчи жолу өлкөнүн реалдуулугун эске алуу менен маалыматтын, компьютердик технологиялардын, массалык маалымат каражаттарынын жана социалдык тармактардын көлөмүнүн өсүшү менен өлкөдө маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун жаңы саясий механизмдерин иштеп чыгуу зарылдыгын сунуш кылган.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык изилдөөнүн материалдары КР Өкмөтү, Президенттик администрациянын маалымат саясат бөлүмү, КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, мамлекеттик органдардын пресс-кызматтары, мамлекеттик телерадио каналдары (УТРК, ЭлТР ж.б.) стратегияларды, саясий чечимдерди, ченемдик-укуктук документтерди жазууда, контенттин түзүүдө колдонсо болот. Ошондой эле илимий изилдөө иштеринде жана «Мамлекеттик маалымат коопсуздук», «Маалымат саясат», «Мамлекеттик башкаруу», «Саясий технологиялар» боюнча лекциялык курстарды, окуу усулдарын даярдоодо, илимий изилдөө иштеринде колдонууга болот.

**Коргоого сунушталган негизги жоболор**:

1. Маалыматтык коом ар башка өлкөлөрдө экономикалык жана социалдык өнүгүү шартына жараша ар түрдүү деңгээлде өнүгөт. Ал техногендик цивилизациялык маалыматтык жана телекоммуникациялык электрондук доорунун калыптанышы менен ар бир жарандын, коомдун маалымат алуусун камсыздайт жана мамлекеттик чечимдердин кабыл алынышына мүмкүнчүлүк түзөт. Бирок ошону менен мамлекеттик маалымат коопсуздук саясатты маанилүү орунду ээлейт.
2. Маалыматтык коопсуздук - бул глобалдык маалымат мейкиндигин көзөмөлдөө жана реалдуу жана потенциалдуу коркунучтарды жоюу үчүн

мүмкүнчүлүктөрдүн, шарттардын жана каражаттардын болушу. Мамлекеттин маалымат саясаты өлкөнүн коопсуздугун камсыздоодо негизги бөлүгү катары өлкөнүн кызыкчылыгын коргоп, калкка объективдүү маалымат жеткирүүгө шарт түзүү менен дүйнө коомчулугуна өлкөнүн оң имиджин түзүүгө багытталат.

3. Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатты изилдөөдө илимий методдорду жана топтолгон теориятико-эмпирикалык материалдарды колдонуу менен өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу жаатындагы рационалдуу мамлекеттик саясаттын ролу жана мааниси жөнүндө бир катар теориялык жалпылоолорду жасоого мүмкүндүк берди жана мамлекеттик органдарга бир катар сунуштамаларды иштеп чыгуу үчүн негиз болгон.

4. Ченемдик-укуктук актылар жарандардын, коомдун, мамлекеттин маалымат коопсуздугун камсыз кылууга багытталган. Бирок жалпыга маалымдоо каражаттар чөйрөсүндөгү учурдагы ченемдик-укуктук база жарандардын маалымат коопсуздугун камсыздоо боюнча медиа тармагынын иштешине таасири аз. Маалымат тармагындагы укук коргоочуларды, маалымдоо каражаттарын жана мамлекеттик органдарды жетишсиз каржылоо, кадрлардын, заманбап даярдыктын жетишсиздиги, ата мекендик медиа контенттин начардыгы терс таасирин тийгизүүдө. Нормативдик-укуктук ченемдерди кайра карап чыгуу жана тиешелүү мамлекеттик органдардын жоопкерчилигин жогорулатуу талабы турат.

5. Кыргызстандын рыноктук мамилелерге өтүшү, жаңы саясий системанын калыптанышы, саясий кризистер жана туруксуздук бийликтин узак убакыт бою, өлкөнүн маалыматтык коопсуздугуна тийиштүү көңүл бурулбай калганына алып келген. Кадрдык секириктер, республиканын маалымат тармагынын чет элдик агенттер жана демөөрчүлөр тарабынан терс таасирин тийгизген. Бүгүнкү маалымат доорунда бийликтин бардык бутактарынын, административдик-аймактык жана улуттук түзүмдөрдүн, жарандык коомдун, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана мамлекеттик бийлик органдарынын ортосунда маалымат менен камсыз кылуу жана мамлекеттик маалымат коопсуздугу камсыздоо саясатын колдоо мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүн ишке ашыруунун ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

6. Мамлекеттин маалымат саясатын жүргүзүүдө, коомчулукка расмий маалымат жеткирүүдө Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиоберүү корпорациясы мамлекеттин маалыматтык негизги борбору. Маалымат ресурстары жана ага жетүү үчүн саясий күрөш Улуттук телерадиоберүү корпорациясынын ишиндеги ыраатсыздыка алып келген. Эгемен Кыргызстандын тарыхындагы саясий кризистерде нааразы тараптар УТРК телеканалына ээлик кылуу дайыма аракет жасашкан. Телекорпорация жана анын аймактардагы филиалдары үчүн негизги саясий акторлордун ортосунда тынымсыз саясий оюн болуп турду. Телекорпациянын маалыматтык ишмердүүлүгү мамлекеттин суверендүүлүгүн сактоодо стратегиялык мааниси зор.

7. Кыргызстанда маалыматтык коомдун калыптанышы медиа мейкиндигинин өнүгүү деңгээлинен көз каранды. Бүгүнкү күндөрү өлкөдө салттуу маалымат каражаттары - теле жана радио онлайн медиа жана социалдык тармактардын басымы менен артка чегинүүгө аргасыз болуп жатканы көрүнөт. Социалдык тармактар: Instagram, TikTok, Facebook, Одноклассники, ВКонтакте, Twitter жалпысынан негизги маалымат булагы катары телевидениенин ордун басууда. Телевидение менен радионун ордун смартфондор алмаштырууда. Бирок ишеним жагынан телеберүү соцтармактардан жогору турат. Маалыматты колдонучулардын көңүл буруусу да өзгөрүүдө - бул тексттик мазмундан визуалдык мазмунга өтүүдө. Маалыматтын каналдары гана эмес аны алуунун каражаттары да өзгөрүүдө.

8. Мамлекеттик кызыкчылыкты, маалымат коопсуздугун коргоп улуттук контентти өнүктүрүүдө мамлекеттик маалымдоо каражаттары чечүүчү ролду аткарат. Радио, теле менен чектелбестен заман талабына жараша жаңы медианы колдонуу, Интернет тармагында улуттук контентти өнүктүрүү, социалдык тармактар аркылуу коомчулукка маалымат жеткирүү учурдун талабы. Ал эми көп сандаган жана түрлүү жеке менчик маалымдоо каражаттарынын берүүлөрүнүн мазмуну жеке адамдардын же ким тарабынан каржыланса тилекке каршы ошол тараптын кызыкчылыгын мамлекеттикинен жогору коюлары белгилүү. Кыргыз тилинде контенттин жетишсиздиги, тиешелүү мыйзам талаптарын аткаруу татаалдыгы аныкталып, мында мамлекет тиешелүү механизмдерди иштеп чыгуу зарыл. УТРК, ЭлТР телеканалдарында, Интернет тармагында жана жеке медиалар да кыргыз жана орус тилинен тышкары англис тилинде контент жаратса Кыргызстандын маалыматтык коопсуздугун сактап, оң имиджин түзүп, дүйнө коомчулугуна жакшы жагынан маалымат жеткирилет. Бул көрүнүш мамлекетти оң жагынан таанытууга таасир берип, маалымат мейкиндигинде дүйнөлүк атаандаштыкта туруштук берүүсүнө шарт түзмөкчү.

9. Маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун саясий механизмдери жана ыкмаларын катары төмөнкүлөрдү айтса болот: улуттук кызыкчылыктарды маалымат чөйрөсүндө «инсан-коом-мамлекет» үчилтигинин таламдарын тең салмактуу укуктук камсыздоо аркылуу ишке ашырылышы; Интернет технологиялары өнүккөн азыркы коомдо массалык маалымат каражаттарынын, интернет тармагынын ишин жөнгө салуучу, келечек багыттарын аныктоочу ченемдик-укуктук документтерин аныктоо; улуттук маалымат каражаттарын жана кадрларын (материалдык-техникалык базасын камсыздоо, кесипкөй кадрларды даярдоо, тажрыйба алмашуу, квалификациясын жогорулатуу ж.б.) чыңдоо; маалымдоо каражаттарын каржылоону оптималдаштыруу, жеке менчик ММКга мамлекеттик субсидия берүү; улуттук контентти атаандаштыка туруштук берген кыргыз, орус, англис ж.б. эл аралык тилдеринде контентти өнүктүрүү; калктын медиасабаттуулугун жогорулатуу. Өзгөчө көңүл бурула турган маселе дүйнө коомчулугуна Кыргызстан тууралуу имидж оң мазмундуу контентти жайылтуу.

**Алынган натыйжалардын практикалык мааниси.**

Диссертациялык изилдөөнүн материалдары КР Өкмөтү, Президенттик администрациянын маалымат саясат бөлүмү, КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, мамлекеттик органдардын пресс-кызматтары, мамлекеттик телерадио каналдары (УТРК, ЭлТР ж.б.) стратегияларды, саясий чечимдерди, ченемдик-укуктук документтерди жазууда, контенттин түзүүдө колдонсо болот. Ошондой эле илимий изилдөө иштеринде жана «Мамлекеттик маалымат коопсуздук», «Маалымат саясат», «Мамлекеттик башкаруу», «Саясий технологиялар» боюнча лекциялык курстарды, окуу усулдарын даярдоодо, илимий изилдөө иштеринде колдонууга болот.

**Жыйындын төрайымы Жоомартова Э.Ж.:** Урматтуу кесиптештер, биз Ч.А. Джумалиеванын диссертациялык иши боюнча докладды уктук. Диссертациянын структурасы, мазмуну жана натыйжалары боюнча суроолоруңуздар барбы?

**СУРООЛОР:**

**с.и.д., профессор Мадалиев М.М.:**

**Суроо:** Илимий ишти изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары аталган 3-параграфында философиялык ыкмалар колдонулду деп жазылыптыр, ал эми политология илимине таандык кандай ыкмалар колдонулган? Экинчи суроом, ар бир бөлүм бүткөндө өзүнчө жыйынтыктоочу анализ жасалды беле?

**Илим изденүүчүнүн жообу:**

Мамлекеттик жана мамлекеттик саясат - саясий илимдин проблемаларында борбордук орунду ээлейт жана саясий изилдөөлөрдүн негизги жана маанилүү объектилеринин бири десек болот. Политология илимине таандык төмөнкү ыкмалар колдонулган: салыштыруу, системалоо, байкоо, институттук, саясий-укуктук, структуралык-функционалдык, сандык-сапаттуулук, экономикалык, жүрүм-турумдук, социологиялык, статистикалык, нарктык-нормативдик ж.б. Мисалы, Платон менен Аристотелдин доорунан бери белгилүү саясий изилдөөлөрдө салыштыруу ыкмасы колдонулган, бул эгемен Кыргызстандын ар кандай мезгилдериндеги өлкөнүн маалыматтык коопсуздук саясатынын мазмунун салыштырууга мүмкүндүк берди; саясий-укуктук талдоо ыкмасы өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылууда изилдөө предметинин мыйзам ченемдерине ылайык келүүсүнө байкоо жүргүзүүгө мүмкүндүк берди. Бул эгемен Кыргызстандын ар кандай мезгилдериндеги өлкөнүн маалыматтык коопсуздук саясатынын мазмунун салыштырууга мүмкүндүк берди.

Экинчи сурооңузга жооп берсем, ооба ар бир параграфтагы, бөлүмдөгү изилдөөгө жараша жыйынтыгы чыгарылып корутунду келтирилген.

**с.и.д., профессор Борбодоев Ж.М.:**

**Суроо:** Жалпы улуттук коопсуздуктун ичинен диний маселелер боюнча мамлекеттик маалыматтык коопсуздукту сактоо, иреттөө жана тастыктоо жана боюнча мамлекеттик саясат кандай жүргүзүлүүдө? Диний уюмдардын ишмердүүлүгүнө тыюу салуу боюнча өлкөдө кандай иштер жүрүүдө?

**Илим изденүүчүнүн жообу:** Улуттук коопсуздуктун маанилүү багыты катары маалымат чөйрөсүндөгү диний коопсуздукту камсыздоо эсептелет. Илимий ишимде диний багытка басым жасалган эмес, бирок интернет тармагындагы маалымат коопсуздугунун толук көзөмөлсүз абалында жарандар ар кандай маалыматтарга азгырылып, диний уюмдардын көзөмөлүнө түшүп калып жатышкандыгы мисалдар менен келтирилген. Мисалы куралдуу согуш жүрүп жаткан Сирия өлкөсүнө барып, кайра мекенине кайта албай жаткан жарандарыбыз жок эмес. Бул көрүнүштөрдүн баардыгы элдин билим деңгээлинин, аң сезиминин төмөндүгүнөн, кеңири маалымат чөйрөсүндө маалыматтарды талдай биле албай экстремисттик маанайдагы диний уюмдарга алданып жаткандыгынан кабар берет. Мында мамлекет тарабынан диний уюмдардын ачык да, интернетте да ишмердүүлүк жүргүзүшүнө бөгөт коюу иштерин аткарат. Мисалы, КРнын дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясынын сайтында Кыргызстандын ар кандай инстанцияларындагы соттор тарабынан республиканын аймагында жана интернет айдыңында деструктивдүү, экстремисттик жана террористтик 21 уюмдун ишмердүүлүгүнө тыюу салынгандыгы жазылган.

**с.и.к., доцент Наматбекова Н.М.:**

**Суроо:** Диссертациянын илимий жаңылыгында 3-пунктта автор тарабынан мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун изилдөөдө дисциплиналар аралык ыкмаларды колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү аныкталган деп берилген, ошондо кандай дисциплиналар аралык ыкмаларды колдонуу мүмкүнчүлүктөрү аныкталган?

**Илим изденүүчүнүн жообу:**

Сиздин суроонуз профессор М.М. Мадаминовдун суроосу менен байланышта турат. Дисциплиналар аралык ыкмалар салыштырмалуу жаңы илимий методология болуп саналат. Окумуштуулар негизинен тар аныкталган темаларга көңүл буруп, өздөрүнүн белгилүү дисциплиналары боюнча иш алып барган күндөр артта калды десек болот. Бүгүнкү күндө изилдөөлөр салттуу чектерден өтүп, дисциплиналар аралык изилдөөлөрдүн динамикалык жана өз ара байланышкан дүйнөсүн пайда кылды. Мисалы, биз колдонгон статистикалык ыкмалар (математикалык) деталдуу талдоо жүргүзүүгө, тенденцияларды аныктоого, сапаттык маалыматты сандык форматка которууга мүмкүндүк берди. Жүрүм-турумдук жана нарктык-нормативдик ыкмалар психология илим менен байланышта турат. Социология илиминин ыкмалары - сурамжылоо (анкета). Сунуш кылынган чечимдердин эффективдүүлүгүн, алардын өзүн актоосун жана ишке ашырууга мүмкүндүгүн аныктоого багытталган экономикалык ыкмалар жана башкалар. Ар бир

ыкманын анализдөө мүмкүнчүлүктөрү ар түрлүү жана объективтүү жыйынтыктарга келүү мүмкүнчүлүктөрдү түзөт десек болот.

**соц.и.к., доцент Жоомартова Э.Ж.:**

**Суроо:** Кыргызстанда өспүрүмдөрдүн, балдардын маалымат коопсуздугун камсыздоочу кандай ыкмалар бар, кандай иш-чаралар мамлекет тарабынан жүргүзүлүп, ченемдик документтер кабыл алынган?

**Илим изденүүчүнүн жообу:** Балдардын жана өспүрүмдөрдүн адеп-ахлактык, дене бой, психологиялык жана социалдык ден соолугун камсыз кылуу, сактоо жана чыңдоо үчүн коопсуз маалыматтык чөйрөнү түзүү максатында Балдардын маалыматтык коопсуздугун камсыздоого багытталган бир катар мыйзамдарга (15.08.2023-ж.) өзгөртүүлөр киргизилилген. Мисалы, Кыргызстанда ТикТоктун жабылышынын себеби катары кыргыз сегментинде айрыкча балдар үчүн контенттерге көзөмөл болбой жатканы айтылган. Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги Кыргызстанда ТикТокту колдонууга тыюу салган чечим кабыл алып, 2024-жылдын 18-апрелинде жабылды. Мекеме анда платформа балдардын психикалык өнүгүүсүнө, саламаттыгына терс таасир тийгизип жатканына кабатырлыгын билдирген.

Мыйзам актыларына кайрылсак, КР Президенти Садыр Жапаров “КРнын айрым мыйзам актыларына (КРнын Укук бузуулар жөнүндө кодексине, “Кыргызстанда балдардын ден соолугуна, дене бой, интеллектуалдык, психикалык, руханий жана адептик өнүгүүсүнө зыян келтирүүнүн алдын алуу боюнча чаралар жөнүндө”, “Массалык маалымат каражаттары жөнүндө” КРнын мыйзамдарына) өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” КРнын Мыйзамына кол койгон.

**соц.и.к., доценттин м.а. Молдокеева Ж.Ф.:**

**Суроо:** Маалымат коопсуздугун камсыздоо мамлекеттик саясатында кандай негизги шарттар көрсөтүлгөн? Мисалы, хакерлер тарабынан киберчабуул болуп мамлекеттик деңгээлде Кыргызстандын жарандары тууралуу купуя маалыматтар ачыкка чыгып кетти деген маалыматтар тарап жатат. Ушул абалды кандай баалайсыз, өлкөдө стратегиялык маалыматтарды коргоо деңгээли кандай?

**Илим изденүүчүнүн жообу:** Негизинен киберкоопсуздук маалымат коопсуздугун камсыздоонун техникалык багыты болуп саналат жана менин изилдөө объектиме кирбейт. Бул тармакта изилдөө иштерин жүргүзүү программисттерге, IT чөйрөсүндөгү адистерге таандык деп эсептейм. Сиз айткан окуя боюнча жеке оюмду айтсам, чынында ал сайттарга хакердик чабуул жасалганы же жасалбаганы так белгисиз. Мындай коркунучтардан коргоо тармагында өлкөдө маалымат коопсуздугун, жеке маалыматтарды коргоо боюнча мамлекеттик агенттик жана УКМКнын алдында мындан бир жыл мурда түзүлгөн Киберкоопсуздукту камсыздоо боюнча координациялык

борбор деп аталган эки мекеме иштейт. Борбор заманбап технологиялык жабдыктар, эл аралык стандарттарга ылайык келген аппараттык-программалык комплекстер менен жабдылган. Ал мамлекеттик органдардын, чара көрүү борборлорунун киберкоопсуздукту камсыздоо, компьютердик чабуулдарды аныктоо, алдын алуу жана бөгөт коюу иштерин уюштурат. 2024-жылдын башында УКМК киберкоопсуздук жаатындагы дагы бир мекемени - Компьютердик окуяларга ыкчам чара көрүү борборун ачкан. Жаңы борбор дагы санарип айдыңды сутка бою мониторинг кыла алган жана киберчабуулдарды аныктап, дароо чара көрүүгө жөндөмдүү алдыңкы технологиялар менен жабдылганы белгилүү. Аталган мекемелер ар кандай чабуулдардан, коркунучтардан жарандардын, коомдун жана мамлекеттин интернет тармагындагы коопсуздугун камсыздоо максатында иш алып барышат.

**философ.и.к., доценттин м.а. Ибраев К.Ш.:**
**Суроо:** Массалык маалымат каражаттары саясат болобу?

**Илим изденүүчүнүн жообу:** Демократиялык өлкөлөрдө массалык маалымат каражаттары “төртүнчү бийлик” деп аталып мыйзам менен көзөмөлдөнөт жана ошол эле мезгилде массалык маалымат каражаттардын эркиндигине кепилдик берилет. Мунун өзү адамдардын маалымат алуу укугун кеңейтип, ММКдын коомчулук алдында жоопкерчилигин күчөтөт. Азыр массалык маалымат каражаттары коомчулуктун маалымат алуу куралы эле эмес, бийликти көзөмөлдөө функциясын да аткарат. Демократиялык өлкөлөрдө ММКны бийликтин эмес, коомдун институту катары эсептеп, ММК бийликке эмес, коомго кызмат кылуусу керек. Бийликтин ишин көрсөтүп, кемчиликтерин сындаган маалымдоо каражаттары мамлекеттик башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатмакчы. Ошондой эле ММК эл менен бийликти байланыштырган “көпүрө” катары кызмат кылат.

**Улук окутуучу Фрунзеева Ж.Н.:** Мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун камсыздоодогу Кыргыз Республикасынын жетишкендиктери кандай?

**Илим изденүүчүнүн жообу:** Мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун камсыздоодогу Кыргыз Республикасынын жетишкендиктери катары мамлекеттик деңгээлде өткөрүлгөн бардык «Көчмөндөр оюндары» иш-чарасын айтууга болот. Анткени Кыргызстан тууралуу оң маанайдагы маалымат дүйнөгө тарап, өлкө тууралуу позитивдүү имидж түзүлгөн. Ошондой эле Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын 2022-жылы «Улуттук статусуна» ээ болушу жана облустук телекомпаниялардын кайрадан УТРКнын карамагына бириктирилиши. Маалымдоо каражаттарында кыргыз тилинде контент берүүнүн пайыздык көрсөткүчүнүн көбөйтүлүшү, Кыргызстандын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги 2021-2025-жылдарга карата маалыматтык саясаттын жаңы

концепциясынын долбоорунда жергиликтүү телеканалдар менен радиостанциялардан кыргыз тилиндеги медиа контенттин үлүшүн 70%га чейин жогорулатуу талабы коюшууда. Бул да тилди өнүктүрүү, жайылтуу багытында коопсуздукту камсыздоочу бир чара катары эсептесе болот.

**Отурумдун төрайымы Жоомартова Э.Ж.:** Урматтуу кеңейтилген жыйындын катышуучулары дагы суроолор барбы? Жок болсо талкууну баштоону сунуштайм. Сөз рецензенттерге берилет.

## Талкуулоо

**Илимий жетекчи, с.и.д., доцент, Ж.Абдрахманов атындагы Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик башкаруу академиясынын профессору Торогельдиева Б.М.**

Мен диссертантын илимий консультанты катары ишке абдан оң баа бергим келет. Иште көтөрүлгөн көйгөйлөр талашсыз актуалдуу жана Кыргызстандын маалымат коопсуздук маселелерди аныктоо үчүн өзгөчө мааниге ээ. Кыргызстандагы биринчи жолу кыргыз тилинде Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясатын изилдеген илимий эмгек деп эсептейм жана республикада маалыматтык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү IT-технологиялардын өнүгүү процессинде жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (массалык маалымат каражаттары, Интернет) кеңири таралышында пайда болгон маалыматтык коркунучтар көрсөтүлгөн.

Менимче, изилдөөнүн оң жактары, биринчиден, изилдөөнүн актуалдуулугу жана жаңылыгы белгиленгендей, бул ата мекендик саясий илимде бул темага арналган биринчи мамлекеттик тилдеги илимий эмгек, ал теориялык жана практикалык жактан мааниси чон.

Экинчиден, коргоого коюлган жоболор жана практикалык сунуштар мамлекеттик башкаруу системасына жана өлкөнүн стратегиясына үчүн чоң мааниге ээ. Заманбап глобалдуу дүйнөдө баары өзгөрүп жаткан шарттарда жана рационалдык чечимдерди кабыл алуу зарыл болгон мезгилде өзгөчө маанилүү.

Ч. Джумалиеванын диссертациясы Улуттук аттестациялык комиссиясынын "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби” жөнүндө жобонун талаптарына толук жооп берет жана 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча боюнча саясий илимдин кандидаты илимий даражасын берүүгө татыктуу.

**с.и.д., профессор Борбодоев Ж.М.:** Кандидаттык диссертациянын мазмуну, тиешелүү талаптарга ылайык келтирилиши менен бирге эң негизги артыкчылыгы болуп, илимий иштин кыргыз тилинде жазылышы. Бардык илимидердин, анын ичинде саясат таануу илиминде акыркы учурларда кыргыз тилинде эмгектер даярдала элек болчу. Автореферат абдан жакшы түшүнүктүү жазылып кыргыз тилинде илимий тилдин калыптанышына чоң

салым болгон деп айта алам. Бай тилибизди кеңири колдонуп, диссертант илимий иштин маанисин ачып берүүгө жетишкен. Ушундай илим тармагында өзүбүздүн тилди өнүктүрүп алсак бул абдан чоң жетишкендик.

Темага кайрылсак маалымат коопсуздугу бул абдан чоң тема, ал бир жарандын аң сезими, билим деңгээли менен байланыштуу деп диссертация туура аныкталган. Өлкөнүн маалымат саясатын жүргүзүүчү өз алдынча мекеме керек деген конкреттүү сунуш туура берилген. Улуттук коопсуздуктун ичиндеги маалыматтык коопсуздукту камсыздоодо интернет тармагында кыргыз тилинде контентти жайылтуу маселесине көбүрөөк басып жасоону сунуштайм. Негизинен эмгек кандидаттык диссертацияларды жазууга коюлган бардык талаптарга жооп берет жана 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн диссертация коргоого сунушталат.

**с.и.д., профессор Мадалиев М.М.:**

Диссертациянын актуалдулугу шексиз. Заманбап глобалдык маалымат коом реалдуу көрүнүш.Диссертант эң туура белгилегендей, бүгүнкү күндөрү өлкөдө салттуу маалымат каражаттары - теле жана радио онлайн медиа жана социалдык тармактардын басымы менен артка чегинүүгө аргасыз болуп жатканы көрүнөт. Социалдык тармактар: Instagram, TikTok, Facebook, Одноклассники, В Контакте, Twitter жалпысынан негизги маалымат булагы катары телевидениенин ордун басууда. Маалыматтын каналдары гана эмес аны алуунун каражаттары да өзгөрүүдө. Мындай шартта журналисттердин жана блогерлердин жоопкерчилиги, алар тараткан маалыматтын мазмуну жана Кыргызстанда маалыматтык коопсуздук максатында кабыл алынган мыйзамдардын тууралыгы далилдейт десе болот.

Ч.Джумалиева өз изилдөөсүнүн объектисин, предметин, максатын жана милдеттерин так негиздеп бере алган. КР Улуттук аттестациялык комиссиясынын «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби» жөнүндө жобонун талаптарына толук жооп берет, саясий илимди жана практиканы өнүктүрүү үчүн маанилүү болгон маселенин чечилишин камтыган илимий квалификациялык иш жана диссертант 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдин кандидаты илимий даражасын берүүге татыктуу жана диссертация коргоого сунушталат.

**с.и.к., доцент Наматбекова Н.М.:** Тема бүгүнкү күндө абдан актуалдуу жана кызыктуу, маалымат алуунун булактары көбөйүп, маалымат согушу, фейк маалыматтардын тарашы да күч алып жаткан азыркы коомдо маалымат коопсуздукту камсыздоо маселесинин жаралышы талашсыз. Диссертация кыргыз тилинде жазылып иштин изилдөө объектиси, предмети, максаттары, илимий жаңылыгы, коргоого сунушталган жоболору жана конкреттүү сунуштары берилген. Суроодо да берилгендей, маалыматтык коопсуздугун изилдөөдө дисциплиналар аралык ыкмаларды колдонуу иштин илимий жаңылыгынан алып салууну сунуштайм. Ошондой эле иштин сапатын

мындай да жакшыртуу максатында изилдөөгө төмөнкү багытта саясий анализдерди кошуу сунушталат. Мисалы, бийлик менен массалык маалымат каражаттарын өз ара байланышы кандай, бийлик органдары ММКны учурда кандай колдонууда. Негизинен иш жакшы жазылган, илимий жаңылык, изилдөө жана жыйынтык бар.

Белгиленген жагдайларга карабастан, сунушталган диссертациялык иш актуалдуу, логикалык жактан түзүлгөн, теориялык жана практикалык мааниге ээ, коргоого сунушталган жоболор конкреттүү, сунуштардын мамлекеттик органдар үчүн пайдалуу экендиги анык. Ошондуктан диссертациялык ишти өз алдынча аяктаган илимий изилдөө деп баа берүүгө болот жана берилген сунуш, пикирлерди кошумчалоо менен 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдердин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн аталган диссертация коргоого сунушталат.

**т.и.к., доцент Акеров Т.А.:** Диссертант Ч.А. Джумалиеванын «Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясаты» темасындагы эмгегин саясат таануу илими үчүн кызыктуу темалардын бири деп айта алам. УТРК, ЭлТР боюнча илимий иште көп эмпирикалык изилдөөлөр жүргүзүлгөн, бирок мамлекеттик маалымдоо каражаттарынын саясаты менен жеке менчик маалымдоо каражатынын иштөө саясатын башка өңүттөн карап салыштырууну сунуштайт элем. КТРК кандай маалымат берип жатат? Бир булактан алып берет туурабы? Менин оюмча жеке менчик ММКлар башка тараптан каржыланса да 3, 4 булактан маалыматты текшерип, калкка анык, ар тараптуу маалымат берет. Бул изилдөөдөн тышкаары мен айткан багытта изилдөө жүргүзүүнү сунуштайм. Жалпысынан эмгек кандидаттык диссертацияларды жазууга коюлган талаптарга жооп берет жана коргоого сунушталат.

**Отурумдун төрайымы Жоомартова Э.Ж.:** Башка суроолор барбы? Жок. Жыйындын катышуучуларынын суроолоруна жооп берүү үчүн диссертант Ч.А. Джумалиевага берилет.

**Илим изденүүчү Ч.А. Джумалиева:** Бир катар баалуу сын-пикирлерди жана сунуштарды айткан бөлүмдүн бардык мүчөлөрүнө, жыйындын төрагасына, рецензенттерге рахмат айтам. Алардын бардыгы диссертациялык изилдөөнүн үстүндөгү кийинки иштерде сөзсүз эске алынат. Кеңейтилген кафедралар жыйынынын бардык мүчөлөрүнө диссертациялык ишимди конструктивдүү талкуулаганыңыздар үчүн терең ыраазычылык билдирем. Чоң ырахматымды айтам.

## КОРУТУНДУ

23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн Чолпон

Асылбековна Джумалиеванын «Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясаты» темасындагы диссертациялык ишине берилет

1. **Теманын актуалдуулугу жана диссертациядагы изилдөөнүн натыйжаларын алууга автордун жеке катышуусу.**

Мамлекеттердин маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу - азыркы учурдун эң актуалдуу көйгөйлөрүнүн бири. Заманбап дүйнөдө маалыматтык коопсуздук инсандын, коомдун жана мамлекеттин кызыкчылыктарын камсыз кылуунун маанилүү шарты болуп саналат. Глобалдуу дүйнөдөгү реалдуу жашоо шарттары коркунучтардын өтө кеңири жана ар түрдүү диапазонунун калыптанышына өбөлгө түздү. Көптөгөн коркунучтар маалыматтык мүнөздө болот же маалымат каналдары аркылуу адамга таасир этет.

Маалыматтык коопсуздуктун актуалдуулугу коомдун ар кандай чөйрөсүнө таасир этүүчү маалыматтык системалардын тездик менен өсүп жаткан мүмкүнчүлүктөрү менен шартталган. Маалыматтык коопсуздук өлкөнүн бардык улуттук коопсуздук системасынын маанилүү элементи болуп саналат. Маалымат көптөн бери коомдук турмуштагы эң маанилүү ресурс болуп калды. Демек, коомдун маалыматтык мүмкүнчүлүктөрүн тынымсыз өнүктүрүү маалыматтык коопсуздук маселесин улам актуалдуу кылат. Мындан тышкары, белгилүү болгондой жашоонун өсүп жаткан интенсивдүүлүгү кээде маалымат мүмкүнчүлүктөрүн жөнү жок, атүгүл кылмыштуу максаттарда пайдаланууга алып келет. Каталар жана так эместиктер, маалыматтын бурмаланышы бүткүл адамзат коомуна чоң зыян келтириши мүмкүн. Маалымат коомдук турмуштун дээрлик бардык системаларында негизги элементке айланып баратканын көрүп жатабыз.

Маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздугун камсыз кылуу менен ажырагыс байланышкан. Өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча мамлекеттик саясат мамлекеттик органдардын жана субъекттердин бул чөйрөдөгү ишинин негизги багыттарын, өлкөнүн кызыкчылыктарын коргоо боюнча алардын милдеттерин бириктирүүнүн тартибин аныктайт.

Ошентип, диссертациялык изилдөөнүн темасынын актуалдуулугун Ч.А. Джумалиева төмөнкү маселелерди илимий изилдөө зарылчылыгында турат: Кыргыз Республикасынын маалыматтык коопсуздугун сактоо багытындагы мамлекеттик саясатын ишке ашыруу ишмердиги, маалыматтык коопсуздугун камсыздоо жаатындагы саясаттын абалы жана келечеги, маалыматтык коомунун өнүгүшүнө заманбап маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын таасири, республиканын маалыматтык суверенитетин камсыздоо жана улуттук контентти өнүктүрүү жана ааламдашуу шартында Кыргызстандын маалымат коопсуздугун камсыз кылуунун саясий механизмдери.

**2. Диссертацияда баяндалган илимий натыйжаларга келүүдө автордун конкреттүү жеке катышуусу**: диссертациянын бардык

натыйжалары 2013-2024-жылдары жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн негизинде изденүүчү тарабынан өз алдынча алынган. Изилдөөнүн түзүмү, диссертациянын автору тарабынан коюлган милдеттерге, ошондой эле коргоого сунушталган жоболорго толук ылайык келет.

**3. Изилдөөнүн натыйжаларынын ишенимдүүлүгүнүн даражасы, алардын жаңылыгы жана практикалык мааниси:** натыйжалардын ишенимдүүлүгү ар түрлүү саясий мамлекеттик жана укуктук документтерди жалпылоо, талдоо менен жана эмпирикалык маалыматтардын кеңири спектри аркылуу алынган ар кандай деңгээлдеги булактарды кылдат изилдөө менен ырасталат, бул авторго коргоонун жоболорун чебердик менен кеңейтүүгө жана далилдөгө мүмкүндүк берген.

**4. Изденүүчүнүн жеке салымы** бул диссертациянын темасын кеңири изилдеп, анын натыйжасында келип чыккан жыйынтыктары жана тыянактары менен негизделет. Изилдөөнүн жүрүшүндө автор тарабынан алынган натыйжалар олуттуу көрүнөт жана изилдөөнүн өзү 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча Кыргызстандын саясий илиминин өнүгүшүнө чоң салым кошууда.

**5. Диссертациянын илимий жаңылыгы:** Автор маалыматтык коом, маалыматтык коопсуздук жана маалыматтык саясат түшүнүгүнө өзүнүн аныктамаларын берген; автордун аныктамасына ылайык маалыматтык коом түшүнүгү постиндустриалдык, технологиялык доордун, цивилизациянын өнүгүүсүнүн жаңы тарыхый фазасы катары каралат жана мындагы өндүрүштүн негизги товары болуп маалымат жана билим эсептелинет; автор тарабынан- маалыматтык коопсуздук бул глобалдык маалымат мейкиндигин көзөмөлдөө мүмкүнчүлүгү, өлкө үчүн реалдуу жана мүмкүн болгон коркунучтарды жок кылуу шарттарын жана каражаттарын камтый тургандыгы аныкталган жана мамлекеттин маалымат саясаты бул өлкөнүн коопсуздугун камсыздоонун негизги бөлүгү катары өлкөнүн кызыкчылыгын коргоп, калкка объективдүү маалымат жеткирүүгө шарт түзүү менен дүйнө коомчулугуна өлкөнүн оң имиджин түзүүгө багытталат; мамлекеттин маалыматтык коопсуздугун изилдөөдө дисциплиналар аралык ыкмаларды колдонуунун мүмкүнчүлүктөрү автор аныктаган; жарандардын, коомдун жана мамлекеттин эгемендигин маалыматтык терс таасир берүүлөрдөн коргоонун негизи өлкөнүн укуктук-нормативдик актылары экендигине диссертант көңүл бурган; автор тарабынан биринчи жолу мамлекеттин маалыматтык саясатын ишке ашыруу үчүн жооптуу болгон Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигининин ишмердүүлүгүнө системалуу талдоо жүргүзүлгөн жана бул министрликтин ишмердүүлүгүндөгү иретсиздик жана ар тараптуулук (маданият, спорт, жаштар саясаты, туризм, миграция) республиканын маалыматтык саясаттынын натыйжалуулугуна, иштин жыйынтыгына терс таасирин тийгизгени көрсөтүлгөн; Улуттук телерадиокорпорациянын мисалында автор тарабынан биринчи жолу маалыматтык ресурстардын мүмкүнчүлүктөрү менен байланышкан жана ар кандай акторлордун ортосундагы саясий атаандаштыкка катышкан республикадагы массалык маалымат каражаттарынын ыраатсыз

ишмердүүлүгү көрсөтүлө алган; биринчи жолу республикада маалыматтык коомдун калыптанышы жана өнүгүшү IT-технологиялардын өнүгүү процессинде жана маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын (массалык маалымат каражаттары, Интернет) кеңири таралышында процесстерди автор көрсөтүлө алган; биринчи жолу Кыргызстандын расмий, ички жана тышкы саясаты тууралуу калкты ишенимдүү маалымат менен камсыз кылууда, элдин бүтүндүгүн жана биримдигин сактоодо, кыргыз тилди жана улуттук баалуулуктарды өнүктүрүүдө негизги актор катары мамлекеттик кызматтын жана мамлекеттик маалымат каражаттарынын жоопкерчилигин кароо сунушталууда; автор тарабынан биринчи жолу өлкөнүн реалдуулугун эске алуу менен маалыматтын, компьютердик технологиялардын, массалык маалымат каражаттарынын жана социалдык тармактардын көлөмүнүн өсүшү менен өлкөдө маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуунун жаңы саясий механизмдерин иштеп чыгуу зарылдыгын сунушталган.

**6. Илимий иштин апробацияланышы**. Диссертациянын негизги илимий жыйынтыктары темага толугу менен шайкеш келет жана рецензияланган илимий басылмаларда 11 макала жарыяланган. Изилдөөнүн негизги жоболору менен тыянактары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда доклад катары сунушталган.

**7. Алынган натыйжалардын теоритикалык жана практикалык мааниси.** Диссертациялык изилдөөнүн материалдары КР Өкмөтү, Президенттик администрациянын маалымат саясат бөлүмү, КР Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги, мамлекеттик органдардын пресс-кызматтары, мамлекеттик телерадио каналдары (УТРК, ЭлТР ж.б.) стратегияларды, саясий чечимдерди, ченемдик-укуктук документтерди жазууда, контенттин түзүүдө колдонсо болот. Ошондой эле илимий изилдөө иштеринде жана «Мамлекеттик маалымат коопсуздук», «Маалымат саясат», «Мамлекеттик башкаруу», «Саясий технологиялар» боюнча лекциялык курстарды, окуу усулдарын даярдоодо, илимий изилдөө иштеринде колдонууга болот.

**Эскертүүлөр жана сунуштар:** Каралып жаткан диссертацияга карата анын жалпы жогорку рейтингине таасирин тийгизбеген төмөнкүдөй сунуштарды белгилейбиз:

**1.** Жалпы улуттук коопсуздуктун ичинде диний маселелер өзгөчө орунду ээлейт. Диссертацияда бул суроо жалпы каралгандыктан, өзүнчө кеңири изилдөө сунушталат.

**2.** Өлкөнүн чек арага чектеш облустарында калктын, өзгөчө жаш балдардын маалымат коопсуздугун камсыздоо боюнча жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында тиешелүү мамлекеттик органдарга конкреттүү сунуш берүү зарыл.

**3.** Маалыматты түзүү, кайра өзгөртүү жана керектөө менен байланышкан мамлекеттик

маалымат саясатын жүргүзгөн мамлекеттик органдардын ишмердүүлүгүнүн сапатын тереңирек изилдөө сунушталат, анткени мамлекеттик маалыматтын мазмуну жарандардын жана коомдун аң сезимин, жүрүм-турумун, баалуулуктарын калыптандырат.

**Жыйындын төрайымы Э.Ж. Жоомартова:** Сиздердин берген баага, сын-пикирлериңизге жана сунуштарга таянып Ч.А. Джумалиеванын диссертациялык иши «Социалдык иш жана социалдык-гуманитардык илимдер» жана «Эл аралык мамилелер» кафедраларынын кеңейтилген жыйынында ар тараптан изилденип, олуттуу талкуудан өттү.

Кеңейтилген жыйындын бардык катышуучулары диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугун белгилеп, коюлган максаттар жана милдеттер параграфтардын жана баптардын корутундуларында далилденгендиги айтылды. Диссертациянын негизги жоболору автордун илимий басылмаларында чагылдырылган жана бардык катышуучулар илимий ишти коргоого сунушташты.

Биз жыйындын токтомун кабыл алуу үчүн добуш берүүнү баштасак.

Талкуунун жыйынтыгында бир гана сунуш бар: 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты илимий даражасын алуу үчүн жазылган Джумалиева Чолпон Асылбековнанын «Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясаты» темасындагы диссертациялык ишин айтылган сын-пикирлерди, эскертүүлөрдү жана сунуштарды эске алуу менен Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин К. Дикамбаев атындагы Дипломатиялык академиясы менен Б. Ельцин атындагы Кыргыз-Орус Славян университетинин Д 07.22.659 диссертациялык кеңешинде коргоого сунуш кылат.

**Добуш берүүнүн жыйынтыгы:** макул - 15, каршы - 0 , калыс - 0. Чечим бир добуштан кабыл алынды.

## ТОКТОМ КАБЫЛ АЛЫНДЫ:

1. Джумалиева Чолпон Асылбекованын «Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясаты» темасындагы диссертациялык жыйындын талкуусунун корутундусу бекитилсин.
2. Джумалиева Чолпон Асылбекованын «Кыргыз Республикасында маалыматтык коопсуздукту камсыздоонун мамлекеттик саясаты» темасындагы кандидаттык диссертациясы "Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобонун" талаптарына жооп берет жана 23.00.02 – саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча

саясий илимдердин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн коргоого сунушталат.

**Жыйындын төрагасы «Социалдык иш жана социалдык-гуманитардык илимдер» кафедрасынын башчысы, с.и.к., доцент** **Жоомартова Э.Ж.**

**Жыйындын катчысы** **Жаналиева М.Р.**

Жоомартова Э.Ж. жана Жаналиева М.Р. кол тамгасын тастыктайм

КББ ага инспектору Арзыбекова М.А.